# Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН

## *ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №1 ПРОТОКОЛУ*

*28 - сентябрь 2023 - жыл*

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 31

Төрага - ректор, доцент Колдошов Т.Р.
Катчы - доцент Маражапова Н.К.

Угулду: Колдошов Т.Р. Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин курамы. Сентябрь айындагы Окумуштуулар кеңешинин күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырып коюуга уруксат этиңиздер.

1. Университеттин күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндөгү 2022-2023 - окуу жылынын жайкы зачеттук-сынактык сессиясынын жана Мамлекеттик сынактын жыйынтыктары тууралуу.

Баяндамачы: *окуу иштери боюнча проректор, факультеттердин декандары.*

2. 2023-2024 - окуу жылы үчүн кабыл алуу сынактарынын жыйынтыктары тууралуу.

Баяндамачы: *кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы.*

3. Окумуштуулар кеңешинин 2023-2024 - окуу жылынын иш планын талкуулоо жана бекитүү.

Баяндамачы: *ректор Колдошов Т.Р.*

4. Окуу иштери боюнча 2023-2024 - окуу жылынын иш планын талкуулоо жана бекитүү.

Баяндамачы: *окуу иштери боюнча проректор.*

5. Административдик-чарба иштери боюнча 2023-2024 - окуу жылы үчүн иш планын талкуулоо жана бекитүү.

Баяндамачы: *административдик-чарба иштери боюнча проректор.*

6. Практика жана карьера бөлүмүнүн 2023-2024 - окуу жылы үчүн түзүлгөн иш планын талкуулоо жана бекитүү.

Баяндамачы: Практика жана карьера бөлүмүнүн жетекчиси.

7. КММИУнун профессордук-окутуучулар курамынын кызмат орундарын ээлөөнүн тартиби жөнүндөгү жобону талкуулоо жана бекитүү.

Баяндамачы: Шайлоорлорду өткөрүү боюнча уюштуруу комиссиясынын төрайымы Турумбаева Ч.М.

8. Ар түрдүү маселелер.

Баяндамачылардын убактысын бекитип алсак. Баяндамаларга 10 минутага, суроо-жоопторго 5 минутага, жарыш сөздөргө 3 минутага чейин деген сунуш түшүп жатат. Колго салам.

**Макул — баары. Каршы — жок. Калыс — жок.** Чоң рахмат, регламент бекилди.

Урматтуу кесиптештер, окуу жылынын башында биздин окуу жайда жакшы жаңылык болду. Куттуу университетибиз ар дайым ооматтуу, ийгиликтүү болушун каалайм. Биздин үч эжекебиз КРнын Президентинин колунан жогорку даражадагы мамлекеттик сыйлыктарды алышты: университеттин ардагерлер комитетинин төрайымы, п.и.д., профессордун милдетин аткаруучу Жолдошбекова Сарылкан Апиевна КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер наамына; кафедра башчы, факультеттин деканы кызматтарды аркалаган, сиздер менен узак жылдардан бери үзөңгүлөш болуп келе жаткан эжекебиз Жакиева Гулмира Бексултановна КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер наамына; ушундай эле сыйлык менен көп жылдар жетекчилик кызматтарды аркалаган, татыктуу кесиптешибиз Интина Салтанат Кимовна сыйланды. Сыйлык эжекелерибиздики, сыймык биздики болду. Жалпы жамаатын атынан сиздерге бекем ден соолук, ийгиликтерди каалаймын. Сыйлыгыңыздар куттуу болсун!

***Анда эмесе биринчи маселе боюнча сөз окуу иштери боюнча проректор Кубатбек Куланчиевичке берилет.***

Джакыпов К.К. Саламатсыздарбы урматтуу окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү. КММИУда жайкы сессия окуу планын графигине ылайык май айынын аягынан баштап 3-июнга чейин зачеттор, 05-июндан 24-июнга чейин экзамендер, ал эми 26-июндан 30-июнга чейин мини сессия болуп өттү (материал тиркелет).

Колдошов Т.Р. Рахмат, баяндамачыга кимде кандай суроо бар? Суроо жок болсо, менде суроо бар. Айтсаңыз, сиздин отчётуңуздагы маалымат боюнча абсолюттук жетишкендик кино жана ТК факультетинде — 85%, СКД — 95%, театр факультетинде — 55%, музыка факультетинде — 49%ды түздү дедиңиз. Эмнеге байланыштуу музыка факультетинде пайыздык көрсөткүч төмөн болду.

Джакыпов К.К. Студенттердин саны аз факультеттерде көрсөткүчтүн пайызы жогору болот. Бир студент дагы 50 пайыздык көрсөткүч берип калган учурлар бар. Группанын саны көп болгон факультеттерде көрсөткүчтүн пайызы да студенттердин санына карап төмөн болот.

Колдошов Т.Р. Экинчи суроо, кайра тапшырууга калган, б.а., жайкы сессияны толук тапшыра албай калган, шарттуу түрдө күзгө калган студенттер канча пайызды түздү?

Джакыпов К.К. Кайра тапшырууга калган студенттердин саны - 5.

Колдошов Т.Р. Рахмат. Баяндамачыга чоң рахмат. Жарыш сөзгө өтсөк.

Турумбаева Ч.М. Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Кубатбек Куланчиевич, жарым жылдын ичинде ишти толук колго алдыңыз. Окуу пландарын декандар, кафедра башчылары менен биргеликте иштеп чыктыңыз. Ооба, иш бар жерде кемчиликтер да болот. Анча-мынча кемчиликтер менен кошо отчётту кабыл алууну сунуштаймын. Сиздин ишиңизге ийгилик каалайбыз.

Корпобаева М.К. Биздин факультеттин пайыздык көрсөткүчүнүн төмөндүгү студенттердин санына байланыштуу болду. Эң чоң факультетпиз. 300гө жакын студент бар. Кубатбек Куланчиевич, сиз менен жаңыдан иштеп баштадык, алдыда окуу иштери боюнча ийгиликтер жаралышына ишенем. Отчётту кабыл алууну суштайм.

Колдошов Т.Р. Жогоруда жарыш сөзгө чыккан кесиптештерден сунуш түштү. Биринчи маселе боюнча Окумуштуулар кеңеши

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндөгү 2022-2023 - окуу жылынын жайкы зачеттук-сынактык сессиясынын жыйынтыктары тууралуу отчёту кабыл алынсын.
2. Окуу иштеринин сапатын жогорулатуу боюнча иштелип чыккан окуу пландарынын аткарылышын көзөмөлгө алуу окуу иштери боюнча проректор К.К.Джакыповго жүктөлсүн.

Бул чечимге макул болгон Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүн колго салам.

**Макул — баары. Каршы — жок. Калыс — жок. Чечим кабыл алынды.**

*Күн тартибиндеги 2-маселеге өтсөк.* 2023-2024 - окуу жылы үчүн кабыл алуу компаниясы ийгиликтүү болду. Сөз кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы К.К.Джакыповго берилет.

Джакыпов К.К. Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөлөрү быйыл ректордун буйругу менен кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы болуп дайындалдым. Атарылган иштер тууралуу төмөндөгүлөрдү билдирем *(маалымат тиркелет)*.

Колдошов Т.Р. Рахмат. Кимде кандай суроолор бар?

Дюшалиев К.Ш. Иштегениңиз көрүнүп турат. Кабыл алууда кандай көйгөйлөр болду. Болгон болсо көйгөйлөрдүн жаралышына эмне себеп болду жана кандай чечилди. Экинчи суроо, кабыл алуудагы чоң маселе бул - профориентация. Ушул багытта да айта кетсеңиз?

Джакыпов К.К. Ооба, көйгөйлөр болду. Алыстан келген абитуриенттерди жатакана менен камсыздоо маселеси жаралды. Биздин жатакана ремонт болуп, бүтө электигине байланыштуу алыстан келген абитуриенттерди жайгаштыруу кыйын болду. Быйылкы

жылдагы жаралган көйгөйлөрдөн улам кийинки жылга бир топ маселелерди алдын ала такташыбыз керек. Алыстан келген абитуриенттерди узакка кармабастан экзамендердин графигин туура коюп, эртерээк бошотсок жакшы болмок. Сынактын мөөнөтүн, жыйынтыгын жумалап күтүп калышты. Бул туура эмес.

Профориентация боюнча социалдык тармактардан биздин окуу жайдын жаңылыктары, жетишкендиктери (YouTube, Insta.,Faceb. ж.б.) такай берилип турду. Биздин ийгиликтерибиздин социалдык тармактардан кайра-кайра берилип турушу да элдин кызыгуусун жаратты.

Колдошов Т.Р. Рахмат. Догдурбай Усенович суроонузду берсеңиз болот.

Урмамбетов Д.У. Кээ бир бюджеттик орундар толбой калды деп жатпайсызбы. Мен Эл аралык университетинде иштеп жүргөндө жакшы практиканы көргөмүн. Профессорлук-окутуучулук курам ар кайсы аймактардан эмеспи. Өз кичи мекенине барганда эле мектептерге барып, бүтүрүүчүлөр менен жолугушуп, анкета толтуртуп келсек, сапаттуу, талантуу студенттерди топтосок болот. Ушундай багыт менен иштесек болобу?

Джакыпов К.К. Болот, окумуштуулар кеңешинин чечимин чыгарып, ректордун буйругу менен аймактарга чыгып, талантуу, шыктуу окуучуларды тандап, аларга сертификат берип келсек болот. Ал студенттер келгенде сертификаттын негизинде кабыл ала турган кылсак болот.

Колдошов Т.Р. Рахмат. Жаныш Осмонович сөз сизде.

Кулманбетов Ж.О. Менде эки суроо бар. Биринчиси, кабыл алуу учурунда коррупциялык элементтер болбодубу? Экинчиси, бакалавриатка өтүү маселеси кандай болуп жатат? Азыр ар бир окуу жайга докторантура (PhD) ачууга мүмкүнчүлүк берип жатат. Бул биздин келечек үчүн аябагандай чоң мааниси бар.

Джакыпов К.К. Магистратураны ачуу иштери башталды, буйруса. КР Билим берүү жана илим министрлиги менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, магистратура, аспирантураны ачуу боюнча документациялык иштер жүрүп жатат. Магистратура боюнча стандарт бар. Окуу пландарын иштеп жатабыз. Жакын арада окуу пландарын бекитүү үчүн министрлик менен макулдашабыз. Бул бизге кошумча саат, кошумча айлык болот эле. Аброюбуз көтөрүлөт эле.

Корпобаева М.К. Кабыл алуу комиссиясына сунуш бар. Абитуриенттердин шыгына, талантына, аракетине карап кесипти тандоого багыт берүү, консультациялоо иши жакшы жүрүш керек. Ушуну кийинки жылда эске алсак.

Джолдошбекова С.А. Бакалавр союз мезгилинде жогорку билим болуп эсептелчү. Анда бакалавр деп аталчу эмес. Төрт жылдык жогорку билимдүү деп аталчу. Азыр эми бакалавриат “толук аяктабаган жогоркуу билимдүү” адис болуп эсептелет да,

иштеген жеринен магистратураны бүтүрүүнү талап кылышат. Магистратуранын контрагы бардык жерде кымбат. Бакалаврдык даража менен аспирантурага тапшыра алышпайт. Кандай кыласыздар? Же 4 жылдык билимди толук аяктаган жогорку билим деп эсептөө үчүн иш жүргүзсөңүздөр? Абитуриент быйыл жакшы келди. Жакшы иш алып бардыңыздар. 1-курс көп келип аябай кубанып турган чагыбыз. Ишиңизге ийгилик. Отчётту кабыл алалы.

Урматбеков Ч.У. Бизде "Драмалык актёрлер" жана "Куурчак театрынын актёрлору" деген адистиктер бар. Музыкалык драмалык актёрлор адистигин ачууга кандай дейсиздер? Лицензия алсак болобу? Себеби региондордогу театрлар "музыкалык" деген статуска ээ.

Джакыпов К.К. Классификатордон карайлы. Болсо, ачканга аракет кылабыз. Ооба, муктаждык да, талап да бар. Бул багытта иш алып баралы.

Колдошов Т.Р. Рахмат. Экинчи маселени жыйынтыктаардан мурун бир-эки нерсеге токтололу. Кубатбек Куланчиевич, 2- маселе боюнча мониторинг жүргүзүп койсоңуз жакшы болмок. Беш жылды салыштырма жасап койсоңуңуз, айырмачылыктар байкалмак. Кабыл алууну жакшыртуу үчүн сунуштарыңыздарды бериңиздер. Сиздер менен кеңешип, кийинки жылга натыйжалуу иш алып баруу үчүн аракеттерди жасайлы.

12 багытта лицензиябыз бар, ошонун ичинен бир гана музыкалык билим берүү адистиги - бакалавриат. Ооба магистратураны да ачышыбыз керек. Магистратура — бул академиялык чин. Кайсы адистиктерди 4 жылдык кылууну кеңешели. Студенттердин четке чыгып иштей ала тургандыгын да эске алалы. Жумуш тартибинде иш алып барабыз. Экинчи маселе боюнча окумуштуулар кеңеши

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Баяндамачынын маалыматы эске алынсын.
2. Баяндамачы берген 9 пункттан турган сунуштар 2023-2024- окуу жылдагы кабыл алуу компаниясында эске алынсын.
3. Профориентациялык жумуштар жыл бою системалуу жүргүзүлсүн.
4. Университетти коомго чагылтуу иштерин кабыл алуу комиссиясынан маалымат катчыга жүктөлсүн.

Кимде кандай кошумча сунуш-пикирлер бар? Жок болсо колго салам.

**Макул — баары. Каршы — жок. Калыс — жок.**

*Урматтуу кесиптештер 3-7 - маселелерди* бир карап, бир чечим чыгарсак кандай дейсиздер. Анткени алар структуралык бөлүмдөрдүн иш пландары. 2023-2024 - окуу жылы үчүн окумуштуулар кеңешинин, окуу иштеринин, административдик-чарба иштеринин, практика жана карьера бөлүмүнүн иш пландары жана КММИУнун профессордук-окутуучулар курамынын кызмат орундарын ээлөөнүн тартиби жөнүндөгү жобону алдыңыздарда турат. Алдын ала таанышып чыккансыздар жана сунуш-пикирлериңиздерди бергенсиздер. Алымча, кошумчасы менен кабыл алууга добушка коём.

**Макул — баары. Каршы — жок. Калыс — жок.**

3-7 - маселелер боюнча окумуштуулар кеңеши

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

***Жылдык иш пландар окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун буйругу менен бекитилсин.***

**Ар түрдүү масалелер.**

1. Октябрь айында факультеттин деканы, кафедра башчысы бош кызмат орундарына Кут билим газетасынын 2023 - жылдын 22 - сентябрындагы №34 санына жарыя чыкты. Каалагандар бош кызмат орундарына талапкер катары катталып, катышсаңыздар болот. Жамаат өзүңүздөр чечиңиздер, татыктуулар катышсын. Окумуштуу катчыга арызыңыздар менен кайрылыңыздар.
2. Алдыда мугалимдердин, маданият кызматкерлерин кесиптик майрамдары келе жатат. Профсоюздук бирликтин төрагасына тапшырма берилген, кафедра жетекчилери эскертилген. Кафедраларда жыйындар өткөрүлүп, протоколдун негизинде татыктууларды мамлекеттик сыйлыктарга, билим берүүнүн мыктысына, министрликтин ардак грамоталарына, университеттин сыйлыктарына сунуштаңыздар.
3. 2023-2024 - жылдан баштап квалификацияны жогорулатуу борбору түзүлдү. Контракттык негизде болот. Окуу мөөнөтү - 10 күндүк, 20 күндүк, 72 сааттык. Окуу формасы — онлайн, офлайн. Жетекчиси дайындалды. Октябрь айынын баштап иш жүрөт. Лицензиялар 3-4 адистик боюнча бар. Калгандарына документ тапшырдык. Бул ишмердик окуу жайыбыздын жаңы ийгилиги.
4. Магистратура, аспирантура ачуу боюнча илимий иштер боюнча проректор Чолпон Мукашевна иштеп жатат. Окуу пландары бекитилди. Лицензия алуу боюнча толук документация тапшырылды. Эки, үч жуманын ичинде ишмердик толук кандуу жүрүп калат деп ойлоп жатабыз. Январга чейин 5-6 аспирант кабыл алышыбыз керек. Январь айынан диссертациялык кеңешти ачуу планыбыз бар. Биз Чолпон

Мукашевна менен биргеликте Аттестациялык Комиссиянын төрайымына жолугуп келдик. Ал киши да колдоорун билдирди. “Искусство таануу”, “Культурология” адистиктери боюнча КР УИА менен биргеликте диссертациялык кеңеш ачылат.

5. Алдыда К.Орозовдун 140, Б.Кыдыкееванын 100, Ч.Айтматовдун 95 жылдыгына карата ич чараларды өткөрүү милдетибиз турат. Бул биз тикеден-тик туруп өткөрө турган иш-чаралар. Театр факультети Б.Кыдыкеева боюнча иш-чара уюштурасыз. Планыңыз менен мага келиңиз. Музыка факультети К.Орозов боюнча илимий-практикалык конференция өткөрөсүздөр. Ч.Мукашевна менен кеңешип даярдана баштаңыздар. Факультеттер биргелешип Ч.Айтматовдун 95 жылдыгына карата иш чара өткөрөсүздөр.

6. Окуу пландарына толуктоолоду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу сунуш-пикирлер берилип, талкуулар болду. Билим берүүнүн стандартын, окуу жайдын спецификасын эске алуу менен өзгөртүүлөр, толуктоолор дыкаттык менен жасалды. Концертмейстерлердин жылдык жүктөмдөрү белгиленди. Окуу тайпаларынын толтурулушу боюнча: агымдык, семинардык, практикалык сабактардын саны белгиленди. Бул иштерди аткарууда факультеттин декандары, кафедра башчылары, окуу бөлүмү, окуу иштери боюнча проректор Кубатбек Куланчиевич алгылыктуу иш жасадыңыздар. Алдыңыздарда акыркы варианты турат, колго салам.

**Макул — баары. Каршы — жок. Калыс — жок.**

Чоң рахмат. Ушуну менен окумуштуулар кеңешинин сентябрь айындагы жыйыны өз ишин аяктады. Саламатта барыңыздар.

Төрага Т.Р. Колдошов

Катчы Н.К.Маражапова